УДК 373.2

***Бапаева У., Калыкова Г., Жантаев А. С.***
*Бапаева Улуккан – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Калыкова Гүлзат – мугалим, №5 К. Жакыпов атындагы орто мектеп*
*Жантаев Адилбек – ф.и.д., профессор, С. Нааматов атындагы НМУ*

# МУГАЛИМ МЕНЕН АТА-ЭНЕЛЕРДИН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕШҮҮСҮ ПРОБЛЕМАСЫНЫН ИЗИЛДЕНҮҮ АБАЛЫ

# СОСТОЯНИЕ ИЗУЧЕННОСТИ ПРОБЛЕМЫ ВЗАИМОДЕЙСТВИЯ УЧИТЕЛЯ И РОДИТЕЛЕЙ

# THE STATE OF KNOWLEDGE OF THE PROBLEM OF INTERACTION BETWEEN TEACHERS AND PARENTS

***Аннотация.*** *Бул макалада мугалимдер менен ата-энелердин мектептеги окуу процессиндеги өз ара аракеттешүү проблемасынын илимий адабияттарда изилденүү абалына сереп жасалат. Авторлор аталган маселени изилдеген бир катар окумуштуулардын диссертацияларына талдоо жасашат.*

***Аннотация.*** *В данной статье представлен обзор состояния исследований в научной литературе по проблеме взаимодействия учителей и родителей в образовательном процессе в школе. Авторы анализируют диссертации ряда ученых, изучавших данный вопрос.*

***Abstract.*** *This article provides an overview of the state of research in the scientific literature on the problem of interaction between teachers and parents in the educational process at school. The authors analyze the dissertations of a number of scientists who have studied this issue.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *ата-энелер, изилдөө, мугалим, өз ара аракеттешүү, проблема.*
***Ключевые слова:*** *родители, исследование, педагог, взаимодействие, проблема.*
***Key words:*** *parents, research, teacher, interaction, problem.*

Педагогикалык-психологиялык изилдөөлөрдө мугалим менен ата-энелердин өз ара аракеттешүүсү маселесине мурунтан эле активдүү көңүл бурулуп келген. Алсак, жакынкы эле мезгилдерде аталган маселе боюнча окумуштуулар Н. Н. Архангельская (2006), Е. В. Баранова (2004), Л. В. Баринова (2022), С. З. Бойматов (2004), М. Р. Даурова (2012), Е. П. Денисова (2004), Е. А. Матюшкова (2010), В. Н. Почечихина (2004), И. Н. Пронина (2009), Г. В. Слепухина (2003), Л. А. Соломина (2009), А. А. Терсакова (2003), Е. А. Хохлова (2003) ж.б. өз изилдөөлөрүн жүргүзүп, алардын натыйжалары боюнча кандидаттык диссертацияларын ийгиликтүү коргошкон.

Буларга кыскача токтоло кетсек, Н. Н. Архангельская эртедеги бөтөн тилдүү билим берүү процессиндеги билим берүү мекемесинин жана үй-бүлөнүн өз ара аракеттешүүсүн [1], Е. В. Баранова башталгыч класстардын мугалиминин кенже мектеп окуучуларынын үй-бүлөлөрү менен өз ара аракеттешүүгө психологиялык даярдыгын [2], Л. В. Баринова XIX кылымдын экинчи жарымындагы орус гимназияларынын педагогикалык процессиндеги мугалимдер менен ата-энелердин өз ара аракеттешүүсүнүн тарыхый-педагогикалык тажрыйбасын [3], С. З. Бойматов Тажикстан Республикасынын материалдарында мектеп менен үй-бүлөнүн өспүрүмдөрдө жашоонун коомдук мүнөзүн калыптандыруу боюнча өз ара аракеттешүүсүн [4], М. Р. Даурова педагогикалык өз ара аракеттешүү шарттарында кенже мектеп окуучуларынын социалдык тажрыйбасын калыптандырууну [5], Е. П. Денисова Улуу Британиянын башталгыч мектебтинде окуучуларды адептик тарбиялоодо мугалимдер менен ата-энелердин өз ара аракеттешүүсүн [6], Е. А. Матюшкова билим берүүнүн практикалык психологиясы кызматынын иштөө тутумунда окуучулардын ата-энелери менен өз ара аракеттешүү чөйрөсүндө мугалимдердин компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнү [7], В. Н. Почечихина мектептеги билим берүү процессинин негизги субъектилеринин өз ара аракеттешүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн [8], И. Н. Пронина окуучуларды профилдик окутууга даярдоодогу мектеп менен үй-бүлөнүн өз ара аракеттешүүсүн [9], Г. В. Слепухина билим берүү процессинин субъектилеринин өз ара аракеттешүүсүндө жогорку класстардын окуучуларын адептик өнүктүрүүнү [10], Л. А. Соломина мектептин педагогдорунун жана ата-энелердин өспүрүмдөрдүн агрессиялуу жүрүм-турумун түзөтүү боюнча биргелешкен ишмердүүлүгүн [11], А. А. Терсакова келечектеги мугалимдин полиэтникалык чөйрөдө үй-бүлө менен өз ара аракеттешүүгө даярдыгын калыптандырууну [12], Е. А. Хохлова мугалимдердин, окуучулардын жана ата-энелердин өз ара аракеттешүүсүндө чыр-чатактуу кырдаалдардын алдын алууну [13] изилдешип, проблема боюнча бир катар маанилүү тыянактарды жасап, өз ойлорун ортого салышкан.

Н. Н. Архангельскаянын кандидаттык диссертациясынын максаты – билим берүү мекемесинин жана үй-бүлөнүн өз ара аракеттешүүсүнүн эртедеги бөтөн тилдүү билим берүүнүн майнаптуулугун жогорулатууга түрткү болуучу уюштуруучулук-педагогикалык шарттарын аныктоо болуп саналат [1, с. 5]. Ал изилдөөнүн аягында төмөнкүдөй тыянак чыгарат: "Билим берүү мекемесинин жана үй-бүлөнүн өз ара аракеттешүүсү кенже мектеп окуучуларынын оң окуу мотивациясын калыптандырууда жана колдоодо; алардын үй тапшырмаларын аткаруусунда; окуучуларды үйрөнүлүп жаткан тилдин өлкөсүнүн маданияты менен тааныштыруу процессинде; окутууну жекелештирүү принцибин ишке ашырууда; чет тилин колдонуу чөйрөсүн кеңейтүүдө үй-бүлөнүн педагогикалык дараметин ишке ашырууга түрткү болот" [1, с. 22]. Албетте, жалпы эле мектеп окуучусун окутуу процессинин ийгиликтүү болуусунда үй-бүлөнүн мектеп менен өз ара аракеттешүүсү жакшы майнап берет. Бул окуучунун чет тилдерин өздөштүрүүсүндө да абдан зарыл, мында мугалим менен ата-эненин бир максатка багыталган бирдиктүү иш-аракети керек экендиги түшүнүктүү.

Е. В. Барановanын кандидаттык диссертациясынын негизги макксаты – педагогикалык ЖОЖдун башталгыч класстар факультетинин студенттеринин эң бир маанилүү педагогикалык кызматтардын бирин – кенже мектеп окуучуларынын үй-бүлөсү менен өз ара аракеттешүүгө психологиялык даярдыгын калыптандыруунун майнаптуу жолдорун аныктоо болуп саналат [2, с. 4]. Окумуштуу окуучулардын үй-бүлөлөрү менен өз ара аракеттешүүгө психологиялык даярдыктын калыптангандык деңгээли менен мугалимдин педагогикалык иш стажынын ортосунда түз корреляция жоктугун; изилденип жаткан кесиптик сапаттын калыптангандыгынын жетиштүү деңгээлине ээ болгон мугалимдердин арасында мектептеги иш стажы үч жылдан аз мугалимдер барлыгын, ал эми он жылдан ашуун педагогикалык иш стажына ээ болгон айрым тажрыйбалуу мугалимдерде мектеп окуучусунун үй-бүлөсү менен өз ара аракеттешүүгө психологиялык даярдыктын интеллектуалдык дагы, мотивациялык дагы компоненттеринин жетишсиз деңгээли орун алганын көрсөтөт [2, с. 24]. Анын пикиринде чындык бар, айрым мугалимдер көп жылдык иш стажына ээ болушса дагы, окуучунун ата-энеси менен өз ара аракеттешүүгө психологиялык жактан даяр болушпайт, ал эми иштегенине аз эле болгон кээ бир мугалимдер, окуучунун ата-энеси менен камыр-жумур педагогикалык өз ара аракеттешүү түзүүгө жетишишет.

Л. В. Баринова өзүнүн кандидаттык диссертациясынын максаты катары XIX кылымдын экинчи жарымындагы ата мекендик гимназиялардын педагогикалык процессиндеги мугалимдер менен ата-энелердин өз ара аракеттешүүсүнүн теориялык жана практикалык тажрыйбасын аныктоону жана ал идеялардын азыркы мектеп үчүн актуалдуулугун түшүндүрүүнү көрсөткөн [3, с. 6]. Анын пикири боюнча "XIX кылымдын экинчи жарымындагы мугалимдер менен ата-энелердин өз ара аракеттешүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн изилдөө алардын өз ара аракеттешүү тажрыйбасын мугалимдер менен ата-энелердин өз ара мамилелеринин педагогикалык милдеттерди чечүү үчүн толук ишке ашкан педагогикалык практика катары мүнөздөөгө жол берет" [3, с. 21]. Ошентип, өткөн доордун оң тажрыйбасы азыркы учурда дагы мугалимдер менен ата-энелердин өз ара аракеттешүүсүн туура жолго коюуга жардам кылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

С. З. Бойматов өзүнүн кандидаттык диссертациясында өспүрүмдөрдө жашоонун коомдук мүнөзүн калыптандыруу боюнча мектеп менен үй-бүлөнүн кызматташтыгын уюштуруунун оптималдуу формалары менен ыктарын иштеп чыгуу максатын астыга койгон [4, с. 7]. Иштин аягында ал "Өспүрүмдөрдү адептик жактан өнүктүрүүнү билгичтик менен уюштуруу бардык тараптардын – үй-бүлөнүн жана мектептин – ата –энелердин жана мугалимдердин адептик башкаруунун максаттары менен милдеттерин так аңдоосунан, принциптерин оптималдуу сактоосунан, ошондой эле усулдары менен формаларын чыгармачыл колдонуусунан көз каранды болот", - деген корутундуга келген [4, с. 23]. Чынында эле, мугалимдер дагы, ата-энелер дагы өспүрүмдөрдү адептик тарбиялоонун түпкү максатын жакшы түшүнүшсө, ошону ишке ашыруу жолунда активдүү өз ара кызматташтыкта болушса, анда өспүрүмдүн инсанын калыптандырууда жакшы натыйжаларга жетишилери айгинеленет.

М. Р. Даурованын кандидаттык диссертациясында билим берүү процессинин катышуучуларынын кенже мектеп окуучуларынын социалдык тажрыйбасын калыптандырууга багытталган педагогикалык өз ара аракеттешүүсүн уюштуруунун педагогикалык шарттарын аныктоо жана эксперименттик негиздөө максаты көздөлгөн [5, с. 7]. Изилдөөнүн соңунда анын келген корутундусу төмөнкүдөй: "Билим берүү процессинин катышуучуларынын педагогикалык өз ара аракеттешүүсү кенже мектеп окуучуларынын социалдык тажрыйбасын майнаптуу калыптандыруунун түйүндүү шарты катары каралат. ... Мугалимдердин жана ата-энелердин педагогикалык өз ара аракеттешүүгө даярлыгы – бул инсандын билим берүүнүн бардык субъектилери менен кызматташууга жөндөмдүүлүгүн жана аны майнаптуу жүзөгө ашырууга умтулуусун аныктоочу интегративдүү сапаты болуп саналат" [5, с. 37].

Е. П. Денисова өзүнүн кандидаттык диссертациясында Улуу Британиянын башталгыч мектебинде балдарды адептик тарбиялоодо мугалимдер менен ата-энелердин өз ара аракеттешүүсүнүн негизги тенденцияларын аныктоо максатын астыга койгон [6, с. 6]. Ал маселеге карата төмөнкүдөй көз карашын билдирет: "Англис мектеби мугалимдер менен ата-энелер балдарды адептик тарбиялоодо өнөктөш болуусуна умтулат, мында алар жалпы милдетти – баланын инсанын тарбиялону аткарышарын эске алышат. Эгерде ата-энелер менен мугалимдер белгилүү бир педагогикалык милдеттерди так сакташса, анда ушундай биргелешкен ишмердүүлүк максималдуу майнаптуу болуп эсептелет" [6, с. 18]. Албетте, башталгыч мектепте балдарды тарбиялоодо ата-энелер менен мугалимдердин өз ара аракеттешүүсүнүн британиялык тажрыйбасы биз үчүн да кызыктуу. Андан дагы пайдалуу жол-жоболорду ала алабыз.

Е. А. Матюшкованын кандидаттык диссертациясында билим берүүнүн практикалык психология кызматынын иштөө тутумунда мугалимдердин окуучулардын ата-энелери менен педагогикалык өз ара аракеттешүү чөйрөсүндөгү компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн мазмунун, формаларын, усулдарын жана каражаттарын теориялык нгеиздөө жана эксперименттик текшерүү максатын коёт [7, с. 5]. Изилдөөчүнүн баамында, "Мугалимдин окуучулардын ата-энелери менен педагогикалык өз ара аракеттешүү чөйрөсүндөгү компетенттүүлүгү ата-энелер менен болгон алака-катнашты билим берүү процессинин катышуучуларынын субъективдүү турумун өнүктүрүүгө, мектеп менен үй-бүлөнүн чыныгы өнөктөштүк мамилелерин калыптандырууга түрткү болуучу өз ара аракеттешүүнүн инновациялык формалары менен усулдарынын жыйындысы катары психологиялык-педагогикалык коштоонун логикасында жүзөгө ашырууну болжойт" [7, с. 22]. Арийне, мугалимдин окуучулардын ата-энелери менен педагогикалык өз ара аракеттешүү чөйрөсүндөгү компетенттүүлүгүнүн өнүгүүсүнүн чен-өлчөмдөрү (инсандык, когнитивдүү, операциялык-практикалык) анын мазмунун аныктай тургандыгы жана психологиялык-педагогикалык диагностиканын негизи катары кызмат өтөй тургандыгы эч талаш жаратпайт.

В. Н. Почечихина өзүнүн кандидаттык диссертациясында ата мекендик мектепти модернизациялоо процессиндеги билим берүү ишмердүүлүгүнүн негизги субъектилеринин өз ара аракеттешүүлөрүнүн өнүгүүсүнүн азыркы абалын жана мүмкүн болуучу багыттарын аныктаган карама-каршылыктарды туудуруучу факторлорду изилдөө максатын көздөйт [8, с. 5]. Анын ою боюнча, үй-бүлө менен мектептин өз ара аракеттешүүсү көбүнчө формалдуу мүнөз күтөт, мунун башкы себеби, мектеп оңдоо иштерин каржылоо, жабдууларды, окууга керектүү жарак-жабдыктарды сатып алуу маселесин чечүү керек болгондо гана үй-бүлө менен алакалашууга кызыкдарлык көрсөткөнүндө жатат [8, с. 16]. Кыргыз Республикасынын орто мектептеринде да үй-бүлө менен өз ара аракеттешүү жаатында дал ушундай проблема көп жылдар өкүм сүрүп келген. Быйыл гана ата-энелерден ремонтко жана башка иш-аракеттерге каражат талап кылууга тыюу салынды. Демек, мугалимдер менен ата-энелердин өз ара аракеттешүүсүн туура жолго салуу бир катар иш-чараларды пландаштырууну жана ишке ашырууну талап кылат.

И. Н. Пронина өзүнүн кандидаттык диссертациясында окуучуларды профилдик окутууга даярдоодогу мектептин жана үй-бүлөнүн өз ара аракеттешүүсүнүн моделин иштеп чыгуу жана теориялык негиздөө максатын астыга коёт [9, с. 5.]. Ал өз изилдөөсүнүн соңунда төмөнкүдөй тыянак чыгарат: "Профиль алдындагы окутуунун сапатын жогорулатуунун майнаптуу каражаты педагогдор менен ата-энелердин өз ара аракеттешүүсү болуп саналат, ал кызматташтык формасында ишке ашырылат да, өзү менен мектептин жана үй-бүлөнүн стратегиясын иштеп чыгуу, кесиптик-багытталган иш-чаралар программасын ишке ашыруу, тиешелүү уюштуруучулук-педагогикалык шарттарды камсыздоо боюнча биргелешкен ишмердүүлүгүн берет" [9, с. 19]. Арийне, бул тыянактын чындыгы бар, мектеп менен үй-бүлөнүн өз ара аракеттешүүсү мектептеги окутуунун сапатын жогорулатууга бир кыйла оң таасир көрсөтөт. Демек, мындай өз ара аракеттешүү туура пландалышы жана ыраатуу ишке ашырылышы абзел.

Г. В. Слепухинанын кандидаттык диссертациясынын максаты – жогорку класстардын окуучуларынын, ата-энелердин жана мугалимдердин атайын уюштурулган өз ара аракеттешүүсү кырдаалында жогорку класстардын окуучуларын адептик өнүктүрүүнү өркүдөтүүнүн жолдорун аныктоодо турат [10, с. 4]. Анын көз карашы боюнча, "Өз ара аракеттешүү анда жогорку класстардын окуучуларынын адептик өнүгүүсү болуп өтүүчү калыптандыруучу чөйрө катары чыгат. Анан да өз ара аракеттешүү эгерде бир катар педагогикалык шарттар: жогорку класстардын окуучулары менен мамилелерде ата-энелердин жана мугалимдердин жүрүм-турумунун ийкемдүүлүгү; өз ара аракеттешүүнүн катышуучуларынын психологиялык позицияларынын теңдиги; өз ара түшүнүүнүн, көңүл буруунун жана сыйлоонун негизинде пайда болуучу жана ишенимди, психологиялык коопсуздукту жана өз дарегине карата сынчыл пикирлерге кабыл алгычтыкты камсыздоочу өз ара аракеттешүүнүн субъектилеринин ачыктыгы сакталган учурда окуучулардын адептик өнүгүүсүнө түрткү болот" [10, с. 18]. Ошентип, мугалимдердин, ата-энелердин жана окуучулардын өз ара аракеттешүүсү аркылуу маанилүү маселени – окуучулардын адеп-ахлактык өнүгүүсүн ийгиликтүү чечүүгө болот.

Л. А. Соломинанын диссертациясында мектептин педагогдору менен ата-энелердин өспүрүмдөрдүн агрессиялуу жүрүм-турумун коррекциялоо боюнча биргелешкен ишмердүүлүгүнүн теориялык жоболорун иштеп чыгуу максаты коюлган [11, с. 5]. Ал өз изилдөөсүндө мектептин педагогдорунун жана ата-энелердин өспүрүмдөрдүн агрессиялуу жүрүм-турумун коррекциялоо боюнча биргелешкен ишмердүүлүгүнүн моделин ишке ашыруунун педагогикалык шарттарынын комплексин: жекече максаттарды бирдиктүү коомдук маанилүү максатка интеграциялоону; биргелешкен ишмердүүлүккө карата активдүү, жарамдуу мамилени жана педагог-психолог, предметтик мугалим, класс жетекчи жана ата-эненин ортосундагы алакалардын жогору интенсивдүүлүгүн; алардын ар биринин макамдык-ролдук турумун жана кызматтык милдеттерин ишке ашыруусун; адекваттуу усулдарды, методикаларды тандоону жана иштеп чыгууну, эсеп-кысап документациясынын формаларын колдонууну; маалыматты таркатууну айкындаган [11, с. 20]. Албетте, жүрүм-турумунда четтөөлөрү бар, агрессиялуу окуучуларды тарбиялоодо мугалимдер менен ата-энелердин биргелешкен өз ара аракеттешүүсү чоң роль ойной турганы чындык. Мектеп менен үй-бүлө күчүн бириктирип, бир багытта иштесе, анда өспүрүмдөрдүн агрессиялуулугун чектөө колдорунан келет.

А. А. Терсаковданын кандидаттык диссертациясында педагогикалык ЖОЖдордун студенттеринин полиэтникалык чөйрө шарттарындагы үй-бүлө менен өз ара аракеттешүүгө даярдыгын калыптандыруунун негизги педагогикалык шарттарын жана каражаттарын теориялык жактан негиздөө жана экспериментте сынактан өткөрүү максаты көздөлөт [12, с. 4]. Анын пикиринде, “Азыркы полимаданий коомдун өнүгүүсү үй-бүлө институтунун трансформациясына, анын түзүмүнүн, мазмунунун, социалдык кызматтарынын, ченемдеринин жана баалуулуктарынын алмашуусуна алып келди. Тарбия институту катары үй-бүлөнүн өзүнчөлүгү анын тарбиялык дарамети менен аныкталат, ал анын адептик жана эмоциялык-психологиялык климаты, педагогикалык маданияты жана үй-бүлөнүн чоң мүчөлөрүнүн маданий-билимдик деңгээли; үй-бүлөлүк жана улуттук салттары; өз ара аракеттешүүнүн типтүү элдик формаларынын тажрыйбасы, үй-бүлө ичиндеги баарлашуунун тутуму жана мүнөзү ж.б. менен мүнөздөлөт” [12, с. 20]. Бүгүнкү күндө өзгөчө чоң шаарларда көп түрдүү улуттар жашайт, натыйжада ар башка маданияттардын аралашуусу ишке ашат. Мындай шартта үй-бүлөнүн тутуму да өзгөргөн жагдайлар бар. Андан да, мектепте ар түрдүү маданияттын өкүлдөрү болгон окуучулар бир жамаатка биригет. Демек, келечектеги мугалимдерди полиэтникалык чөйрөдө окуучулар жана ата-энелер менен өз ара аракеттешүүгө даярдоо зарылдыгы курчуп отурат.

Е. А. Хохлованын кандидаттык диссертациясында окуучулардын, мугалимдердин жана ата-энелердин өз ара аракеттешүүсүндөгү чыр-чатактуу кырдаалдардын алдын алууга түрткү болуучу педагогикалык шарттарды аныктоо максаты астыга коюлган [13, с. 6]. Ал изилдөөнүн аягында төмөнкүдөй тыянакка келген: "Илимий жана усулдук адабияттарды талдоо билим берүү процессиндеги конфликтология проблемалары өзүнүн курч актуалдуулугун сактап калганын көрсөттү, мугалимдер менен ата-энелердин өз ара аракеттешүүсү көп учурда чыт-чатакка чейин өсүп жетүүчү чыр-чатактуу кырдаалдар менен коштолот. Бирок билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара аракеттешүүсүндө чыр-чатактуу кырдаалдардын алдын алуу проблемасы жетишсиз иштелген. Мугалимдердин, окуучулардын жана алардын ата-энелеринин чыр-чатактуу кырдаалдардан чыгуу жолдору интуитивдүү, тиричиликтик деңгээлде жүзөгө ашырылат, бул билим берүү процессинин катышуучуларынын конфликтология маселелери боюнча жетишсиз маалыматтуулугу жана компетенттүүлүгү жөнүндө күбөлөндүрөт” [13, с. 20]. Окумуштуу изилдөөсүндө аталган проблеманы чечүү жолдорун сунуштайт. Чынында да азыркы учурда бул жаатта билим берүү процессинин катышуучуларына маалымат жеткирүү, аларды проблема боюнча маалыматтарга ээ кылуу зарыл болуп саналат.

Ошентип, мугалимдер менен ата-энелердин өз ара аракеттешүүсү жаатында аткарылган педагогикалык-психологиялык изилдөөлөрдүн саны жетиштүү. Анткени, бул проблеманын азыркы коом үчүн актуалдуулугу улам өсүп баратат. Бүгүнкү күндө мектептик билим берүүдө ал процесстин катышуучуларынын өз ара аракеттешүү боюнча компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу маанилүү маселелердин бири болуп турат.

**Адабияттар:**

1. Архангельская Н. Н. Взаимодействие образовательного учреждения и семьи в процессе раннего иноязычного образования: автореф. дисс. … канд.пед.наук: 13.00.01. – Елец, 2006. – 25 с.

2. Баранова Е. В. Психологическая готовность учителя начальных классов к взаимодействию с семьями младших школьников: автореф. дисс. … канд.псих.наук: 19.00.07. – Москва, 2004. – 26 с.

3. Баринова Л. В. Историко-педагогический опыт взаимодействия учителей и родителей в педагогическом процессе отечественных гимназий второй половины XIX века: автореф. дисс. … канд.пед.наук: 13.00.01. – Воронеж, 2022. – 24 с.

4. Бойматов С. З. Взаимодействие школы и семьи по формированию общественного образа

жизни у подростков: На материалах Республики Таджикистан: автореф. дисс. … канд.пед.наук: 13.00.01. – Душанбе, 2004. – 25 с.

5. Даурова М. Р. Формирование социального опыта младших школьников в условиях педагогического взаимодействия: автореф. дисс. … канд.пед.наук: 13.00.01. – Майкоп, 2012. – 43 с.

6. Денисова Е. П. Взаимодействие учителей и родителей в нравственном воспитании учащихся в начальной школе Великобритании: автореф. дисс. … канд.пед.наук: 13.00.01. – Москва, 2004. – 20 с.

7. Матюшкова Е. А. Развитие компетентности учителей в сфере педагогического взаимодействия с родителями учащихся в системе работы службы практической психологии образования: автореф. дисс. … канд.псих.наук: 19.00.07. – Брянск, 2010. – 23 с.

8. Почечихина В. Н. Особенности взаимодействия основных субъектов образовательного процесса в школе: Социологический анализ: автореф. дисс. … канд.соц.наук: 22.00.06. – Екатеринбург, 2004. – 18 с.

9. Пронина И. Н. Взаимодействие школы и семьи в подготовке учащихся к профильному обучению: автореф. дисс. … канд.пед.наук: 13.00.01. – Пятигорск, 2009. – 22 с.

10. Слепухина Г. В. Нравственное развитие старшеклассников во взаимодействии субъектов образовательного процесса: автореф. дисс. … канд.пед.наук: 13.00.01. – Магнитогорск, 2003. – 22 с.

11. Соломина Л. А. Совместная деятельность педагогов школы и родителей по коррекции агрессивного поведения подростков: автореф. дисс. … канд.пед.наук: 13.00.01. – Воронеж, 2009. – 23 с.

12. Терсакова А. А. Формирование готовности будущего учителя к взаимодействию с семьёй в условиях полиэтнической среды: автореф. дисс. … канд.пед.наук: 13.00.01; 13.00.08. – Краснодар, 2004. – 24 с.

13. Хохлова Е. А. Предупреждение конфликтных ситуаций во взаимодействии учителей, учеников и родителей: автореф. дисс. … канд.пед.наук: 13.00.01. – Новосибирск, 2003. – 23 с.